**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ**

**НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

9-ноябрь 2022-ж. № 14 — Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын Жер жөнүндөгү илимдери боюнча эксперттик кеңешин бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын УАКынын президиумунун 2021-жылдын 19-ноябрындагы №26 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ №37 Жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө» жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген «Эксперттик кеңеш жөнүндө» жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын президиумунун 2022–жылдын 27-октябрындагы №476 токтомунун (№8э/с-4/1 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын Жер жөнүндөгү илимдери боюнча эксперттик кеңештин окумуштуу катчысы, 25.00.24 – экономикалык, социалдык жана саясий география адистиги боюнча мүчөсү, география илимдеринин кандидаты, доцент Солпуева Дамира Токтосуновна жазган арызына байланыштуу эксперттик кеңештин курамынан чыгарылсын.
2. К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин экология жана жаратылышты пайдалануу кафедрасынын башчысы, география илимдеринин кандидаты Бокоева Элегия Токтоналиевна 25.00.36 - геоэкология (авторефераты боюнча) адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу менен Жер жөнүндөгү илимдери боюнча эксперттик кеңештин курамына киргизилсин жана окумуштуу катчы болуп дайындалсын.
3. 25.00.24 – экономикалык, социалдык жана саясий география адистиги боюнча география илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациялар тышкы эксперттик корутундунун негизинде экспертизалансын.

**Төрага** — **Б.К. Тыналиева**